Омурбеков Эсенбек Омурбековичтин 14.01.14 – стоматология адистиги боюнча медицина илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга сунушталган "Ош облусунун материалдары боюнча тиштенүү патологиясын дарт аныктоо жана дарылоо (мезиалдык окклюзия) жыштыгы, өзгөчөлүктөрү" деген темадагы диссертациялык ишине И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин алдындагы Д 14.24.708 диссертациялык кеңешинин эксперти, медицина илимдеринин доктору, доцент **Нурбаев Алтынбек Жолдошевичтин**

**БҮТҮМҮ**

Изденүүчү Омурбеков Эсенбек Омурбековичтин диссертациясын карап чыгуу менен төмөнкүдөй бүтүм берүүгө болот деп эсептейм:

**1. Иштин адистикке дал келүүсү диссертациялык кеңешке диссертацияны коргоо үчүн кабыл алуу укугун берет.**

Изилдөөчү Э. О. Омурбековдун "Ош облусунун материалдары боюнча тиштенүү патологиясын дарт аныктоо жана дарылоо (мезиалдык окклюзия) жыштыгы, өзгөчөлүктөрү деген темадагы диссертациялык иши тандалып алынган теманын актуалдуулугун, изилдөөнүн так аныкталган максаттарын жана милдеттерин, алынган натыйжалардын илимий жаңылыгын жана практикалык маанисин ачык көрсөтүп турат. Изилдөөнүн методологиясы коюлган максаттарга жетүүгө ылайыктуу. Авторефератта чагылдырылган алгачкы жыйынтыктар Ош облусунда стоматологиялык оорулардын жана ортодонтиялык патологиянын эпидемиологиясын изилдөө, мезиалдык окклюзияны диагностикалоону жана дарылоону жакшыртуу боюнча олуттуу иштер аткарылгандыгын, ошондой эле диссертациялык кеңештин профилине туура келүү менен 14.01.14 - стоматология адистигинин паспортуна толук жооп бере тургандыгын көрсөтүп турат.

1.2. **Диссертациянын максаты** заманбап диагностикалык методдорду жана модификацияланган ортодонтиялык дарылоо комплексин колдонуу менен мезиалдык окклюзияны диагностикалоону жана дарылоону өркүндөтүү болуп эсептелет.

Диссертацияда белгиленген максат төмөнкү милдеттерди чечүү аркылуу ишке ашырылган:

1. Ош облусунда балдар жана өспүрүмдөрдүн тиш-жаак системасынын индекстик көрсөткүчтөрүн жана дарылоо-диагностикалык иш-чараларга муктаждыгын, кызмат көрсөтүү түзүмүнүн абалын аныктоо.
2. Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы ортодонтиялык патологиянын жыштыгын жана өзгөчөлүктөрүн аныктоо.
3. Мезиалдык окклюзияны диагностикалоодо жана дарылоодо телерентгенографияны колдонуунун натыйжалуулугун баалоо.
4. Бул патологияны дарылоонун комплекстүү ыкмасын иштеп чыгуу жана анын салттуу дарылоо ыкмасына салыштырмалуу натыйжалуулугун аныктоо.

***Алдыга коюлган милдеттерге ылайык максатка жетүү мүмкүнчүлүктөрү (этаптары, жетүү каражаттары жана ыкмалары ж.б.)***

Изилдөөнүн максатына жетүүдө эпидемиологиялык изилдөөлөр сериялык (уялык) тандоо ыкмасы боюнча жүргүзүлгөн. Мектеп окуучуларын изилдөө БДССУнун сунуштарын эске алуу менен иштелип чыккан атайын «Стоматологиялык статусту изилдөө картасы» модификациясы аркылуу жүргүзүлгөн. Областтык жана райондук стоматологиялык клиникалардын атайын калибрлөөдөн өткөн дарыгерлеринин катышуусунда стоматологиялык ооруларынын эпидемиологиясы боюнча изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Тиштердин жана пародонттук ткандардын жабыркоосунун оордугун интерпретациялоого жана баалоого бирдей болгон адекваттуу мамилени иштеп чыгууда аларды текшерүү картасында туура чагылдыруу үчүн атайын көрсөтмөлөр иштелип чыгып, изилдөө жүргүзүүгө катышкандардын баарына берилген.

2020–2023-жылдары Ош облусунда жана Ош шаарындагы мектеп жашындагы балдар арасында тиш оорусунун негизги көрсөткүчтөрүн – тиш кариесинин таралышын жана интенсивдүүлүгүн изилдөө максатында жалпы 1600 окуучу: Ош шаарынан жалпы – 336 окуучу: №8 орто мектеп-гимназиясынан – 61 окуучу, Ж. Боконбаев атындагы мектеп-гимназиясынан – 142 окуучу, К. Маркс атындагы орто мектептен – 133 окуучу. Ош облусунан: Кара-Суу районундагы №118 Д. Султанов атындагы негизги мектеп-интернаттан – 148 окуучу; Өзгөн районунун Өзгөн шаарындагы: З. М. Бабур атындагы орто мектептен – 118 окуучу, С. Шарипов атындагы орто мектептен – 165 окуучу, М. Нурбаев атындагы орто мектептен – 91 окуучу; Алай районундагы Гүлчө айылынын: М. Адышев атындагы №1 мектеп-гимназиядан – 143 окуучу, Т. Отунчиев атындагы №2 мектеп-гимназиядан – 186 окуучу; Чоң-Алай районунун Дароот-Коргон айылындагы Мырзакулов атындагы орто мектептен – 413 окуучу текшерүүдөн өткөрүлдү.

***Диссертациялык изилдөөнүн объектисинин диссертациянын максатына жана милдеттерине дал келүүсү:***

Ош облусундагы балдар жана өспүрүмдөр арасында модификацияланган ыкманы колдонуу менен ортодонтикалык дарыланган 50 баланын клиникалык изилдөөлөрү, дарылоонун натыйжаларын телерентгенография (Штейнер ыкмасы боюнча) анализинин жардамы менен көзөмөлдөө жүргүзүлгөн негизги стоматологиялык оорулардын таралышы, интенсивдүүлүгү, түзүлүшү, тиштердин жайгашуусунун бузулууларынын, жаактардын өз ара катышынын, тиш-жаак аномалияларынын өзгөчөлүктөрү жана көрсөткүчтөрү боюнча изилдөөлөрдүн проспективдүү анализи.

**Изилдөөнүн предмети:** негизги стоматологиялык оорулардын таралышын, интенсивдүүлүгүн, структурасын, тиштин туура эмес жайгашышынын жыштыгын жана өзгөчөлүгүн, жаак менен болгон катышын, Ош облусунун балдары менен өспүрүмдөрүндөгү тиш-жаак аномалияларын аныктоо, клиникалык лабораториялык, нурдук диагностика, дарылоо натыйжаларын изилдөө.

***Изилдөө методдорунун диссертациянын милдеттерине дал келүүсү (заманбап жабдууларды колдонуу, лабораториялык жана вивариалдык сертификаттардын болушу, адекваттуу статистикалык иштетүүлөр) - ар бир тапшырма боюнча:***

1. Коюлган милдеттер Ош облусундагы стоматологиялык кызматтын абалын жана тиш-жаак системасынын көрсөткүчтөрүн аныктоо аркылуу ишке ашырылган.
2. Коюлган милдеттер бейтаптардын 2084 стоматологиялык текшерүү карталарын изилдөө аркылуу ишке ашырылган.
3. Коюлган милдеттер аймактарда ортодонтиялык патологиянын жыштыгын жана өзгөчөлүктөрүн аныктоо аркылуу ишке ашырылган.
1. Мезиалдык окклюзияны диагностикалоодо жана дарылоодо телерентгенографиянын эффективдүүлүгүн баалоо менен.
2. Бул патологияны дарылоонун комплекстүү ыкмасын иштеп чыгуу жана натыйжалуулугун баалоо.

**2. *Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.*** Тиш-жаак аномалияларынын таралышы жылдан жылга өсүүдө [А. М. Хамадеева авторлоштукта, 2018; С. В. Аверьянов авторлоштукта, 2019, Л. С. Персин авторлоштукта, 2019]. Улам жаш өткөн сайын балдардын жана өспүрүмдөрдүн тиш-жаак аномалияларынын көбөйүшү ортодонтиялык дарылоого болгон муктаждыктын жогорку себеби болуп саналган туруктуу тиштердин чыгуу убактысынын жана абалынын бузулушунун фонунда пайда болот. [Ю. А. Гиоева, 2004; Е. С. Бимбас авторлоштукта, 2016; С. В. Дмитриенко, 2016; С. А. Попов, 2018; О. И. Арсенина, 2019; M. Rossi, 2015]. Ата мекендик ортодонтологдор мезиалдык окклюзия (МО) изилденгендердин санынын 15% учурун түзөт деп белгилешет. [В. В. Харке, 2007; Ф. Я. Хорошилкина, 2010; Ю. А. Гиоева авторлоштукта, 2014; 2019]. Самара облусундагы 6-15 жаштагы балдарда мезиалдык окклюзиянын таралышы М. А. Постниковдун маалыматы (2016) боюнча 10,5% учурду түзөт. МО тиш-жаактык же гнаттык формада болот [А. В. Козлова авторлоштукта, 2013; В. М. Водолацкий, 2013; Ю. М. Малыгин, 2016; S. Agarwaletal., 2014; C. Liuetal., 2015]. Балдар менен өспүрүмдөрдүн арасында тиш-жаак аномалияларынын таралышы, адабияттардагы маалыматтар боюнча, 15% дан 70% га чейин жетет. А. Н. Еловикова, М. Д. Санникованын (1971) маалыматы боюнча аномалиялардын жыштыгы 42,8 %ды, Ф. Я. Хорошилкино ж.б., (2001) - 36,2 %ды , 3. И. Гараева боюнча (1998) 45,6 %ды, Т. И. Коваленко (1985) боюнча 30,9 %ды, А. И. Рыбакова, Г. В. Базияндын маалыматы боюнча (1977) 44,7 %ды түзөт. Россияда балдардын тиш-жаак аномалияларынын эпидемиологиясы боюнча адабияттарды талдоодо балдарга көрсөтүлүүчү стоматологиялык жардамдын сапатынын жакшырышына жана тиш кариесинин алдын алуу ыкмаларын активдүү киргизүүгө карабастан, акыркы 2-3 он жылдыкта алардын жыштыгын азайтуу тенденциясы жок экендигин аныкталды. Бир нече ондогон жылдар аралыгында бир эле аймакта жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгына негизделген бир катар басылмалардын маалыматы боюнча тиш-жаак системасынын аномалиялары бар балдардын саны көбөйгөндүгү байкалат. Тиш-жаак системасынын бузулушунун диагностикасы жана мезиалдык окклюзиясы бар бейтаптарды ортодонтиялык дарылоо маселелери заманбап ортодонтиядагы эң актуалдуу жана татаал маселелерден болуп саналат. Көптөгөн авторлор жаш курак аспектисинде тиш-жаак системасынын морфологиялык жана функционалдык өзгөрүүлөрү жөнүндө жазышкан. [Г. В. Степанов, 2011; Е. Ю. Русакова, 2014; О. С. Филатова авторлоштукта, 2016; 2017; Т. В. Климова

авторлоштукта, 2016; А. В. Алимова, 2017; С. О. Янушевич, 2017; Д. Е. Суетенков авторлоштукта, 2019]. Жаңы ортодонтиялык аппараттарды жана МО менен ооругандарды дарылоо ыкмаларын табуу жана өнүктүрүү ата мекендик жана чет өлкөлүк изилдөөлөрдө да актуалдуу бойдон калууда. [А. В. Алимова, 2015, 2017; Н. Л. Короткова, 2018; М. А. Постников, 2018; О. И. Арсенина, 2019; Ю. А. Гиоева, 2019; A. R. Brunetto, 2015; J. A. Deanetal., 2015; P. Ngan, 2015; P. S. Fleming, 2017]. Алынган натыйжалардын туруктуулук маселеси бүгүнкү күндө да абдан актуалдуу бойдон калууда, анткени дарылоодон кийинки рецидив 60% га чейинки учурларды түзөт. Илимий адабияттарда 15-18 жаштагы мезиалдык окклюзиясы бар бейтап балдарды ортодонтиялык дарылоонун натыйжалуулугунун критерийлери боюнча маалыматтар жетишсиз. Түрдүү тиш-жаак аномалиялары балдардын жана өспүрүмдөрдүн стоматологиялык оорусунун структурасында алдыңкы орундардын бирин ээлейт. Ортодонтиялык кызматтын алкагында комплекстүү профилактиканы уюштуруу үчүн тиш-жаак аномалияларынын таралышын толук талдоо маанилүү милдет болуп саналат, бул белгилүү бир деңгээлде анын эпидемиологиясынын жетишсиз изилдениши менен шартталат. [Л. С. Персин, 2007; И. В. Гуненкова, 2005; А. И. Манин, 2002]. Бирок, акыркы жылдарда мындай иштердин көлөмү бир кыйла өстү. Бул көйгөйгө тийиштүү көңүл буруу жана негизги эпидемиологиялык маалыматтарсыз профилактикалык иштерди толук ишке ашыруу мүмкүн эмес экенин түшүнүү менен түшүндүрүлөт. [Ф. Я. Хорошилкина, 2010; Д. О. Романов, 2010; С. А. Гунаева, 2006; А. В. Анохина, 2004]. БДСУнун сунуштарына ылайык, оорунун деңгээлине адекваттуу мониторинг жүргүзүү жана дарылоо-профилактикалык программаларды ишке ашыруунун натыйжалуулугун текшерүү үчүн 5 жылдан ашпаган аралыкта эпидемиологиялык изилдөөлөр жүргүзүлүшү керек. Көпчүлүк авторлордун маалыматтары боюнча, акыркы он жылдыкта ар кандай – экологиялык, экономикалык жана социалдык факторлордун таасири астында бүткүл дүйнөдө тиш-жаак системасынын аномалияларынын таралышынын айкын өсүүсү байкалган. Бул ар кандай эпидемиологиялык изилдөөлөрдүн статистикалык маалыматтары менен тастыкталат. [В. К. Леонтьев, 2007; А. И. Епифанов, 2002]. Кең масштабдуу илимий негизделген алдын алуу программаларын түзүү үчүн ТЖАнын жалпы таралышынан тышкары, ар кандай экзогендик жана эндогендик факторлордун ролун деталдуу изилдөө зарыл: жагымсыз экологиялык шарттар, бала кездеги оорулары, эндокриндик оорулар, зат алмашуунун бузулушу, тукум куучулук, ошондой эле ар кандай жергиликтүү факторлордун таасири [О. И. Арсенина, 2013; Ф. Я. Хорошилкина ж.б., 2010].

***Диссертациянын ар бир коюлган милдеттерин чечүүнүн зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттардын маалыматтарын критикалык талдоонун даражасы жана толуктугу.***

Омурбеков Эсенбек Омурбекович диссертациялык ишинде өз ичине орус тилдүү 80 жана чет элдик 120 авторлордун эмгектерин камтыган 200 адабий булактарды пайдаланган. Көрсөтүлгөн адабияттардын тизмесине критикалык талдоо жүргүзүүдө диссертацияда коюлган маселелердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөө жетиштүү түрдө берилген. Жогоруда айтылгандардын негизинде изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөр мезиалдык

окклюзия менен ооруган бейтаптар үчүн абдан актуалдуу жана зарыл деген тыянак чыгарууга болот.

## 3. Илимий жыйынтыктар

Иште натыйжасы медицина илиминин өнүгүшү үчүн олуттуу мааниге ээ болгон төмөнкүдөй жаңы илимий негизделген теориялык натыйжалар берилген:

3.1. Стоматологиялык ооруларынын эпидемиологиялык көрсөткүчтөрү изилденген: Кыргыз Республикасынын Ош облусунда негизги стоматологиялык патологиянын таралышы жана интенсивдүүлүгү.

3.2. Ош облусундагы тиш-жаак аномалияларынын таралышын изилдөөнүн көрсөткүчтөрү аныкталган.

3.3. Кыргыз калкынын цефалометриялык нормалары жана Штайнер анализин колдонуу менен салыштырма изилдөө иштелип чыккан.

3.4. Диагностиканы колдонуу, телерентгенография (ТРГ) ыкмасын колдонуу менен айкалышкан кабышуу аномалияларын дарылоонун натыйжалуулугу көзөмөлдөнгөн.

3.5. Квалификациялык белгилердин дал келүүсү. Диссертация 14.01.14 – стоматология адистиги боюнча медицина илимдеринин кандидаты илимий даражасын ыйгаруу тартиби жөнүндө жобонун 11-пунктунун талаптарына ылайык келип, стоматология тармагында олуттуу мааниге ээ болгон, илимий жактан негизделген техникалык жана технологиялык иштеп чыгуулардын иштелмелерин камтыган өз алдынча илимий-квалификациялык иш болуп саналат.

## 4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү (тармактар, өлкөлөр жана дүйнө үчүн)

Ош шаарындагы Ош облустар аралык стоматологиялык борборго жана ошондой эле ОшМУнун медициналык клиникасында тиштенүү патологиясын дарылоонун мөөнөттөрүн оптималдаштыруу максатында телерентгенография ыкмасын колдонуу менен тиштенүүнүн бузулуусун аныктоонун жана дарылоонун, өзгөчө ортодонтиялык жактан дарыланып жаткан бейтаптардагы мезиалдык окклюзиянын сапатын бир кыйла жакшыртуучу диагностикалык комплекс иштелип чыкты жана киргизилди. Бул жыйынтыктар төмөнкү актылар менен ырасталды: [2022-жылдын 15-февралындагы киргизүү актысы], [2024-жылдын 30-декабрындагы киргизүү актысы].

1. Изилдөөнүн натыйжасында тиш катарын кеңейтүүгө көмөктөшкөн эки жактуу бурамалар орнотулган модификацияланган “каппа” аппаратынын эффективдүүлүгү далилденди. Бул иштелме Ош шаарындагы Ош облустук облустар аралык стоматологиялык борборго жана ошондой эле ОшМУнун медициналык клиникасына жаактардын окклюзиялык өз ара катышын жана тиштердин абалын нормалдаштыруу максатында каппа колдонуу менен киргизилген.

2. Бул иштелме телерентгенография (ТРГ) жана каппа конструкциясы колдонулган ортодонтикалык коррекция учурунда мезиалдык окклюзиясы бар бейтаптарды комплекстүү дарылоого киргизилди. [2022-жылдын 19-майындагы киргизүү актысы], [2024-жылдын 30-декабрындагы киргизүү актысы].

3. Ош облусунда жашаган калк арасында стоматологиялык жана ортодонтиялык патологиялардын таралышы жана интенсивдүүлүгү боюнча алынган маалыматтарды стоматологиялык медициналык жардамды уюштурууда колдонууга сунушталат. Бул калкка стоматологиялык жардам көрсөтүүнү натыйжалуу пландаштырууга мүмкүндүк берет.Диссертациянын материалдары төмөнкү документтерде, материалдарда жана иштеп чыгууларда, атап айтканда (патенттерде, методикалык сунуштарда, ишке ашырууларда, министрликтердин жана өкмөттүн токтомдорунда жана буйруктарында) колдонулган.

**Материалдарды ишке ашыруу төмөнкүлөргө мүмкүндүк берет:**
Илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын ишке ашыруу актылары Ош облустар аралык стоматологиялык борборунун жана ОшМУнун медициналык клиникасынын практикалык иштеринин интерндерди жана клиникалык ординаторлорду даярдоодо колдонулат.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келүүсү**

Автореферат диссертациянын мазмунуна жана андагы илимий максаттарга толук дал келет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилдеринде бирдей резюмеге ээ.

**6. Кемчиликтери:**

1. Диссертациянын мазмунун оңдоо
2. Сүрөттөрдүн жана таблицалардын катар номерлери тактоону талап кылат жана алар текстте колдонулушу керек.
3. Анализдин натыйжалары дарылоо ыкмасын тандоодо кандайча жардам берерин ачык-айкын көрсөтүү зарыл.
4. Диссертацияны акыркы чыгаруу учурунда оңдоону талап кылган грамматикалык жана стилистикалык каталар бар.

**Суроолор:**

1. Жогорку сапаттагы телерентгенографияны жүргүзүү үчүн атайын жабдуулар (заманбап рентген жана компьютердик томография аппараттары) жетиштүүбү?
2. Ортодонтиялык патологиянын Ош облусунун аймактарында таралышынын өзгөчөлүгүн аныктадыңызбы?
3. Тиштенуу патологиясын жана айрым тиштердин патологиясын аныктоо үчүн кандай классификацияларды өзүңүздүн ишиңизде колдондуңуз?
4. Заманбап ортодонтиялык дарылоо ыкмаларын колдонуунун узак мөөнөттүү натыйжалары кандай?
5. Райондук стоматологиялык поликлиникаларда жана үй-бүлөлүк дарыгерлер борборлорунун стоматологиялык бөлүмдөрүндө сиз сунуштаган дарылоо ыкмалары ишке ашырылдыбы?

**7. Сунуштар**

Жетектөөчү уюм катары дайындоо. Ташкент мамлекеттик стоматологиялык институтунун ортодонтия жана тиш протездөө кафедрасын сунуштайм (100047, Ташкент, Яшнабадский району, ул. Махтумкули, 103) жетектөөчү уюм кылып бекитүүнү сунуш кылам.

- биринчи расмий оппонент. Биринчи расмий оппонент катары медицина илимдеринин доктору, ортопедиялык стоматология кафедрасынын доценти,

Нурбаев Алтынбек Жолдошевич болуп дайындалышын сунуштайм. Ал изилдөө темасына жакын эмгектери бар.
1. Нурбаев А.Ж., Калбаев А.А. Кыргыз Республикасынын бийик жана жапыз тоолуу аймактарында жашаган улгайган жана кары адамдарынын тиштеринин толук жоктугунун таралгандыгы // Известия вузов Кыргызстана, №1, 2016. С. 33-35.
2. Нурбаев А.Ж. О распространенности частичного и полного отсутствия зубов у лиц пожилого и старческого возраста в Кыргызстане. Журнал «Вестник КРСУ», 2010 год, Том 10, № 7, Стр. 144-148.
3. Нурбаев А.Ж., Калбаев А.А. Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик стоматологиялык мекемелерде улгайган жана кары адамдарга ортопедиялык стоматология жактан жардам алуудагы мотивациялык жана социологиялык өзгөчөлүктөрү. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана №2, 2016. – С. 50-52.

- экинчи расмий оппонентти дайындоо. Экинчи расмий оппонент болуп медицина илимдеринин кандидаты, «Центральная стоматология» клиникасынын директору Жумабеков Алмазбек Илязович сунуштайм, анын илимий көйгөйлөргө жакын жакын эмгектери бар.
1. Перспективы внедрения современных технологий для совершенствования и оптимизации стоматологической службы (на примере ортодонтической стоматологии) / А. И. Жумабеков // Вестник «Здоровье и образование в XXI веке». – Москва, 2016. – Том 18, №4. – С. 44-49.
2.Обеспеченность врачами-ортодонтами стоматологической службы / А. И. Жумабеков // Вестник «Здоровье и образование в XXI веке». – Москва, 2016. – Том 18, №5. – С. 68-74
3.Необходимость совершенствования системы управления и организационной структуры стоматологической службы (на примере г. Бишкек) / А.И. Жумабеков // Вестник КазНМУ. - Алматы, 2015. - №4. - С.725-728.

**8. Сунуштар:**
Заманбап диагностикалык ыкмаларды колдонуңуз: 3D моделдөө, баш сөөктүн телерентгенографиясы (TRG жаны аппараттарды).

**9. Жыйынтыгында** Омурбеков Эсенбек Омурбековичтин диссертациялык иши алынган натыйжалардын актуалдуулугу жана маанилүүлүгү жагынан толук кандуу бүткөрүлгөн илимий изилдөө иш деп эсептейм. Алдыга коюлган максат жана милдеттер аткарылган.
Диссертациянын баштапкы материалынын текшерилиши боюнча айтып өтүүгө уруксат этиниздер.
Диссертант тарабынан комиссияга төмөнкүдөй изилдөөнүн материалдары берилди:

1. Бейтаптарды каттоо мектеп окуучулары үчүн журнал – 5 даана
2. Бейтаптарды каттоо студенттер үчүн журнал – 1 даана

3. Изилденген бейтаптардын анкеталарынын жалпы саны - 2084
4. Бейтап баяндарынын копиясы - 44
5. Телерентгенографиялар – 28 даана
6. Актылык ишке ашыруу - 4 даана
7. Диссертациянын темасы боюнча жарык көргөн иштер - 5 илимий макала.

Баштапкы материалдарды текшерүүнүн жыйынтыгында төмөнкүлөр аныкталды:

1. Каттоо журналын толтуруу иш жүзүндөгү маалыматтарга ылайык автор тарабынан жеке жүргүзүлгөн.
2. Автор алынган изилдөө натыйжаларына статистикалык анализ жүргүзгөн, документтер туура толтурулган.
3. Каттоо документтери боюнча диссертацияда келтирилген изилдөөлөрдүн натыйжалары жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн көлөмүнө толук дал келет.

Ошентип, текшерүүнүн жыйынтыгында комиссия диссертациялык иштин негизин түзгөн баштапкы материалдардын ишенимдүүлүгүн ырастайт; документ иш жүзүндөгү маалыматтарга ылайык туура түзүлгөн. Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн ишенимдүүлүгү Э.О. Омурбеков тарабынан аткарылганын жана автордун жеке салымын көрсөтүп турат.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти берилген документтерди карап чыгып, И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин алдындагы Д 14.24.708 диссертациялык кеңешине** Омурбеков Эсенбек Омурбековичтин 14.01.14 – стоматология адистиги боюнча " Ош облусунун материалдары боюнча тиштенүү патологиясын дарт аныктоо жана дарылоо (мезиалдык окклюзия) жыштыгы, өзгөчөлүктөрү" деген темадагы диссертациялык ишин кабыл алууну сунуш кылат.

**Эксперт:**
И. К. Ахунбаев атындагы КММАнын
Ортопедиялык стоматология
кафедрасынын доценти,
медицина илимдеринин доктору **А. Ж. Нурбаев**

*Эксперттин кол тамгасын тастыктайм:*
*Д 14.24.708 диссертациялык кеңешинин*
*Окумуштуу катчысы, м.и.к., доцент* П.Д. Абасканова

2025-жылдын 24-апрели

Общий отдел
И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы / Кыргызская государственная медицинская академия имени И. К. Ахунбаева

Подпись Абаскановой П.Д. заверяю
зав. общим отделом
И.К. АХУНБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МЕДИЦИНАЛЫК АКАДЕМИЯСЫ
КЫРГЫЗСКАЯ ГОСУДАРСТВЕННАЯ МЕДИЦИНСКАЯ АКАДЕМИЯ ИМ. И.К. АХУНБАЕВА